**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.20.616 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

*Кол жазма укугунда*
***УДК: 398.221 (575.2) (043.3)***

**МАДАНОВА КЫЗБУРАК ЖАПАРОВНА**

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ БАЙЫРКЫ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРДИН ЭПИКАЛЫК МОТИВ КАТАРЫ БЕРИЛИШИ (С.КАРАЛАЕВДИН ЖАНА Б.САЗАНОВДУН ВАРИАНТТАРЫ БОЮНЧА)

10.01.09 – фольклористика

филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК – 2022**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Жамгырчиева Гулина Төлөбаевна,**
филология илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин кыргыз адабияты кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Абакиров Курманбек Абакирович,**
филология илимдеринин доктору, профессор, КУУнун Кыргыз филология факультетинин Кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы

**Кулбаракова Зарина Анарбековна,**
филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин эксперт-котормочусу

**Жетектөөчү уюм:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы. Дареги: 722200, Кыргыз Республикасы, Каракол шаары, Абдырахманов көчөсү, 103.

Диссертация 2022-жылдын 27-майында саат 13.00 филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин алдында түзүлгөн Д 10.20.616 Диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот, дареги: Бишкек ш., Фрунзе көч., 547.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а) Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унивеситетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканаларынан (722044, Бишкек ш., Ч. Айтматовдун проспекти, 27) жана УАКтын электрондук порталынан https://vc.vak.kg/b/ds--r3q-rf9-gyb шилтемеси боюнча таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 25-апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н. Т.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** “Манас” – кыргыз элинин кеңири белгилүү өзгөчө зор көлөмдүү баатырдык эпосу жана кыргыздардын көптөгөн кылымдар бою өз билгендери менен табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн жолу менен башынан кечирген окуялар жөнүндөгү маалыматтардын орчундууларын дээрлик бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарып, элдин ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап, улам толуктап келе жаткан улуу мурасы, эл турмушунда мааниси, орду боюнча улуттук сыймыгы катары бааланууучу чыгарма.

Эпостогу архаикалык мотивдер мифологиялык жана көөнө ишенимдик өңүттө болуп, кээде булар синкреттешкен формада дагы учурайт. Аталган мотивдер жай турмуштук жана согуштук эпизоддор арасында айтылган чакан кабарлардан гана эмес, элдин абалы, жашоо шарты, үрп-адаты, көз карашы кеңири баяндалган көлөмдүү эпизоддордон, эпостун окуяларынын өнүгүшүндө зор мааниге ээ көлөмдүү бөлүмдөрдөн дагы арбын жолугат. Көөнө мотивдерге, мисалы, улгайган адамдын баласыздыктын зарын тартышы, баатырдын керемет жагдайда төрөлүшү, ага байланыштуу элдик ырым-жырымдар, расмилер, баланын адаттан тыш тез чоңоюшу, аны койчусуна тарбиялатуу, баатырдык үйлөнүү, баатырдын эл коргоодогу эрдиктери сыяктуу мотивдер кирет. Эл турмушунун бардык тармактарын камтыган фактыга өзгөчө бай “Манас” эпосунун мазмуну кыргыздын каада-салтынан тартып, эл тагдырында чоң мааниге ээ орчундуу окуяларга чейин, ар кыл доордо башынан өткөргөн эл тиричилигинин көрүнүштөрү, жашоо, жаратылыш, коом, жакшылык-жамандык жөнүндөгү түшүнүктөрү, ынаным-ишенимдери, аскердик, медициналык, космогониялык жана жалпы турмуштук-практикалык билимдери жөнүндө баалуу маалыматтарды берет. Ошондуктан, кыргыз элинин бир нече кылымдык мезгилди ичине камтыган тарыхый жолунун көркөм чагылдырылышы болгон “Манас” эпосу – аны жараткан элдин тарыхын, философиясын, этнографиясын, тилин, көркөм өнөрүн, психологиясын, географиясын, медицинасын жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун ар кыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак. Эпостун бул өзгөчөлүгү Ч. Валиханов, В.В. Радлов ж.б. изилдөөчүлөргө эпосту кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы катары баалоого негиз болуп берген. Орус фольклористикасында бул багытта, – фольклордогу диний мотивдерди иликтөө багытында [Токарев, С.А. Ранние формы религии и их развитие [Текст] / С. А. Токарев. – М.: Наука, 1964. – 398 с.], Токарев, С.А. Религии в истории народов мира [Текст] / С. А. Токарев. – М.: Политиздат, 1965. – 624 с. Топоров, В.Н. О ритуале. Введение в проблематику [Текст] / В.Н. Топоров // Архаический ритуал в фольклорных и раннелитературных памятниках. – М., 1988. – С. 16-42. Пропп, В.Я. Поэтика фольклора [Текст] / В.Я. Пропп. – М.: Лабиринт, 1998. – 351 с. Пропп, В.Я. Фольклор и действительность [Текст] / В.Я. Пропп. – М.: Наука, 1972. – 325 с. ] фундаменталдык изилдөөлөрүн жаратышты.

Кийинки кылымдарда калыптанып белгилүү бийиктикке жетишкен кыргыз фольклор таануусундагы эпикалык жанрлардагы, анын ичинде “Манас” эпосундагы диний мотивдер фольклорист, этнограф окумуштуулар [Абдылдаев, Э. “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] /Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1981. – 265 б.; Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М. Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 480-б.; Кыдырбаева, Р. З. Эпос “Манас”. Генезис. Поэтика. Сказительство. [Текст] / Р.З. Кыдырбаева.–Бишкек: Шам, 1996. – 393 с.; Молдобаев, И.Б. Эпос “Манас” как источник изучения духовной культуры киргизского народа [Текст] / И.Б. Молдобаев.– Фрунзе: Илим, 1989. – 312.; Баялиева, Т.Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов [Текст] / Т.Д. Баялиева.– Фрунзе: Илим, 1972. – 170 с.; Маничкин, Н.А. Шаманизм и духовно-магические практики кыргызов [Текст] / Н.А. Маничкин. – М.: Смарт Ивент, 2019. – 264 с.] ж.б. эмгектеринде өз проблемаларына байланыштуу айрым каралган.

“Манастын” терең мазмунун, андагы окуялардын көп жактуулугун жана турмуш көрүнүштөрүн баяндоодогу өзгөчөлүгү, масштабдуулугу, анын чулулугу кайталангыс феномен чыгарма экендигинен көрүнөт. Эпосто кыргыз фольклорунун көптөгөн жанрларынын синтездештирилген, бири-бирине жуурулушуп, чыгарманын мазмунуна сиңирилген. Кошоктордон, керээз, арман ырларынан тартып санат-насааттарга, макал-ылакаптарга, жөө жомоктордун түрлөрүнөн тартып уламыш, санжырага чейин эпостон табууга болот. Бирок, “Манас” ар түркүн жанрдагы чыгармалардын жыйнагы, көптөгөн маалыматтардын жөнөкөй топтолушу эмес. “Манас” – жогорку көркөмдүккө ээ, мазмуну өзгөчө кең чыгарма болуу менен бирге, анын окуялары композициялык бир бүтүндүккө баш ийип турат. Бардык окуяларды бириктирип, байланыштырып турган кызыл сызык – Манас баатырдын жана анын урпактары: уулу Семетей, небереси Сейтектин өмүр жолу жана эрдиктери.

Эпостогу көөнө ынаным-ишенимдер жамааттык аң-сезимдин формасы катары кездешип, эпикалык мотив катары сюжетти өнүктүрүүдө роль аткарат. Кыргыз элиндеги көөнө диний ишенимдер ислам дини келип киргенден кийин да аны менен синкреттешкен формада жашап келген. Бул көрүнүш диний катмарлануу катары улуу эпосто өз ордун тапкан.

Кыргыз элинин улут катары өзүн таанып-билүүсү жана рухий турмушу өткөндүн маданий мурастарын өздөштүрүү жана алардын азыркы учурдагы жаңы мааниге ээ болуусун баалоого байланыштуу Ч.Айтматов белгилегендей, “байыркы кыргыз рухунун туу чокусу” болгон “Манас” эпосундагы рухий баалуулуктар катарында көөнө диний ишенимдер өзгөчө орунга ээ. Ошондуктан кыргыздын маданий турмушунун материалдарынын негизинде байыркы диний ишенимдердин дүйнө таанымдык маанисин тарыхый-фольклордук планда талдоо жана баа берүү зарылчылыгы **изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугун** аныктап турат.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жатышкан ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен**

**байланышы.** Аталган изилдөө Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын илим-изилдөө боюнча тематикалык планына шайкеш келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Иштин негизги максаты — кыргыз элинин исламга чейинки көөнө диний ишенимдерин "Манас" эпосунун негизинде фольклордук дүйнөтаануучулук жана социалдык-маданий аспектилерде талдоо, тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизм, теңирчиликтин эпосто эпикалык мотив катары келишин аныктоо, алардын эпостун сюжетин өнүктүрүүчү маанисин ачып көрсөтүү, окумуштуулардын көөнө диний ишенимдер боюнча илимий пикирлерин, алардын мазмунуна жана баалуулуктарына байланыштуу берген бааларын кароо болуп саналат. Буга ылайык диссертацияда төмөнкү милдеттер коюлган:

• Фольклорист, этнограф философ окумуштуулардын көөнө диний ишенимдер боюнча изилдөөлөрүн, илимий көз караштарын өздөштүрүү;

• Анимизм, тотемизм, шаманизм, фетишизм жана теңирчилик сыяктуу көөнө ынаным-ишенимдердин "Манас" эпосунда кыргыздын баштапкы дүйнөтааныmы катары чагылдырышын аныктоо;

• Кыргыз элинин байыркы диний ишенимдеринин ички мазмунун, структурасын жана атрибуттарын иликтөө, эпикалык чагылышында көрсөтүү;

• Кыргыз элиндеги көөнө ишенимдерди жана башка тектеш элдин баштапкы ишенимдер системасын салыштырып талдоо, эпостун тексти боюнча сыпаттап ачып берүү;

• Дүйнөлүк диндер менен синкреттешкен айрым салттуу ишенимдердин калыптануу жана өнүгүү тарыхына фольклордук өңүттө талдоо жүргүзүү;

• Кыргыздын коомдук турмушундагы көөнө ишенимдердин жана анын ичиндеги теңирчиликтин ролун изилдөө жана баалоо, "Манас" эпосунда салттуу эпикалык мотив катары калыптанышын аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы кыргыздын дүйнөтааныmы катары көөнө диний ишенимдерге фольклордук-тарыхый талдоо жүргүзүүгө аракет жасалгандыгында болуп саналат. Диссертацияда "Манас" эпосунда чагылдырылган кыргыздын көөнө ишенимдерине айтуучулардын варианттарынын негизинде талдоо жүргүзүү иши биринчи жолу комплекстүү түрдө изилдөөгө алынып, көөнө ишенимдердин фольклордук-этнографиялык аспектилери мазмундук, структуралык өңүттө ачылып берүү аракети болду жана ал көөнө ишенимдердин жаралуу этаптары классификацияланды. Анимизм, тотемизм, шаманизм, фетиштик көз караштар жана алардын атрибуттары, теңирчиликтин синкреттешүүсү жана ислам дининин өз ара таасиринин тажрыйбасы эпостун мисалында иликтөө жүргүзүү дисертациялык иштин жаңылыгы болуп саналат.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Бул диссертациянын илимий тыянактары жана айрым табылгалары кыргыз фольклорундагы эпостордун көөнө катмарын иликтөө проблемалары боюнча мындан кийин жүргүзүлүүчү изилдөөлөргө теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

**Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси** анын жоболорун жогорку окуу жайларда фольклордук

чыгармачылыкты, анын ичинен, эпос жанрын, манастаанууну окутуп-үйрөтүүдө колдонууга болот. Мындан сырткары, кыргыз фольклору боюнча окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланса болот.

**Коргоого алып чыгуучу негизги жоболор:**

• "Манас" эпосундагы көөнө ишенимдердин эпикалык мотив катары көркөм сыпатталышы эпостун сюжет жаратуудагы ролун аныктайт;

• Түрк-моңгол элдеринин маданиятындагы, анын ичинде фольклорундагы анимизм, тотемизм, шаманизм жана фетишизм жана теңирчиликтин калдыктары "Манас" эпосунун мотивдеринде чагылдырылат;

• Көөнө диндер феномени эчен кылымдар бою түрк-моңгол элдерин уюштуруучу жана бириктирүүчү күч катары болуп, айрыкча, буддизм, христиан дини жана исламга караганда таасирдүүлүгү "Манас" эпосунун мотивдер тутумуна сыйдырылган;

• Теңирчилик дүйнөлүк расмий диндер тарабынан акырындап сүрүлүп чыга баштаган. Бирок, кыргыз элинде ушул күнгө чейин анын салттарынын жана ырым-жөрөлгөлөрүнүн (ритуалдарынын) элементтери сакталып келгендиги эпостун мисалдарынан тастыкталат.

• Түрк элдериндеги, анын ичиндеги кыргыз элиндеги теңирчилик жана исламдын синкретизми ачыкталып, мусулманчылыкка жана Көк Теңирдин алдындагы бирдиктүү кудайга ишенүүгө негизделген көөнө ишенимдин айкалышып жашоосу эпостун мисалында ырасталат.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору темага тиешелүү илимий-теориялык, фактылык материалдарды жана көөнө ишенимдердин дүйнө караштык маңызын фольклордук-тарыхый планда талдоого негизделип, кыргыз элинин эпикалык мурасы "Манас" эпосун ар тараптуу изилдөөгө кошулган изденүүчүнүн жекече салым болуп саналат.

**Диссертациянын апробациясы.** Республикалык жана эл аралык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда изилдөөнүн негизги мазмуну боюнча конкреттүү баяндамалар жасалган.

**Диссертациянын илимий басылмаларда жарыяланышы.** РИНЦ (Российский индекс научного цитирования) тутумуна кирүүчү "International Scientific Journal.Theoretical & Applied Science" илимий-методикалык журналына 2019-жылдын октябрь айында эки илимий макала, ал эмиSacred Three as an Archaic Motif in Kyrgyz Epic деген макалаOpen journal of modern linguistics (Web of Sciences) журналына 2020-жылдын декабрь айында жарык көргөн. Изилдөөнүн негизги жоболору 13 (он үч) публикацияда ачылып берилген. Тема боюнча жарык көргөн эмгектердин жалпы көлөмү 6,5 басма табакты түзөт.

**Диссертациянын түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, сегиз параграфтан, главалар боюнча кыскача корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсүнөн, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин негизги бөлүмүнүн көлөмү 153 (жүз элүү үч) бетти, адабияттардын тизмеси

менен тиркемелер кошулгандагы жалпы көлөмү – 168 (жүз алтымыш сегиз) бетти түзөт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын негизделиши, актуалдуулугу, изилдениш деңгээли, максат, милдеттери, илимий жаңылыгы, илимий-практикалык мааниси көрсөтүлдү. Ошондой эле, коргоого сунуш кылынган негизги жоболор белгиленип, диссертациянын материалдарынын апробациясы жөнүндө маалымат берилип, изденүүчүнүн жеке салымы жана алынган натыйжалар аныкталды.

Илимий иштин биринчи главасы **“Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери** деп аталып, эки параграфтан турат.

**1.1. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдердин фольклор таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп”** деп аталып, анда фольклористикада, манастаануу илиминде, жана ага канаатташ этнология, этнография сыяктуу башка илимдерде көөнө диний эпикалык мотивдер салаасынын түптөлүүсүнө жана өнүгүүсүнө экскурс жасалат. Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө жарык көргөн тандалган темага байланышы бар фольклор таануучулук жана эпос жанры, анын табияты тууралуу фундаменталдык изилдөө эмгектерге сереп салынат.

Эпос жанрында, анын ичинде “Манас” эпосунун С.Каралаевдин жана Б.Сазановдун айтуусундагы сюжеттик тутумунда эпос калыптана баштагандан бери жашап келе жаткан, элдин байыркы дүйнө таанымын көркөм чагылдырган көөнө мотивдер чыгарманын өзөгүн сактоочу элементтерден болуп саналат. Алардын бири катары көөнө диний ишенимдер эпостун идеялык-композициялык курулушунда өзүнчө жүк көтөрүп, анын архаикалуулук белгилерин ачыктап турат. Исламга чейинки көөнө диний ишенимдердин дүйнөлүк фольклордо кездешүүсү аны ареалынын кеңдиги бул мотивдердин жалпы адамзаттык маанисин белгилейт. Көчмөн цивилизациядагы кыргыз эли аталган ишенимдерди узак доорлор тутунуп келишкен.

**1.2. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыты катары”** деп аталып, мында эпосту эпикалык поэтиканын аспектисинен изилдөө зарылдыгы белгиленип, буга себеп болгон жагдайлар аныкталат.

“Манас” эпосуна кылымдар бою калыптанган көөнө катмарлардын тутумунда жашаган эпикалык мотивдерди сюжеттик, поэтикалык жагдайда көөнө ишеним мотивдердин өңүтүнөн иликтөө көптөгөн кызыктуу илимий жаңы жагдайлардын келип чыгуусуна түрткү болот. Бул архаикалык мотивдер эпостун жаралышынан тартып биздин күндөргө чейин жетип келген үлгүлөрүнө чейин эпостун өзөгүн түзүүчү уңгу катары сакталып келген. Аларды илимий айлампага салып ар тараптуу изилдөө этностун, жалпы эле түрк тилдүү элдердин дүйнө таанымын тереңдетип аңдап-билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

“Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди салыштырма методдо иликтөө менен алардын фольклор таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп

салынды жана эпостогу көөнө мотивдерди аталган аспектте изилдөө кыргыз фольклористикасынын келечектүү багыты катары келерин ачыктоо аракети болду.

"Манас" эпосундагы жалпы адамзаттык баалуулуктар, философиялык ой жоруулар кыргыз фольклористикасындагы ар тараптуу изилдөөлөр тизмеги үчүн объект болуп бере алат. Бул багытта илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү кыргыз фольклортаануусунда андагы эпостаануу салаасынын илимий-теориялык жактан кыйла күчтөөнүүсүнө олуттуу өбөлгө түзөт.

**Жыйынтык.** "Манас" эпосундагы эпикалык мотивдерге арналган эмгектер арбын. Аларда эпикалык мотивдер түрдүү тематикалык, проблематикалык ыңгайларда изилденген. Эпоско фольклористтер гана эмес, тилчи, этнограф, философия илимпоздору дагы кайрылып, мазмундуу изилдөөлөр жасашкан. Ошол эле учурда фольклортаанууда эпостогу көөнө диний мотивдерди эпикалык поэтиканын аспектисинде изилдөө зарылдыгы күн тартибинде турат. Бул багытта изилдөөлөрдү алып баруу эпостаануу тармагынын жаңы горизонтторун ачары шексиз.

**"Манас" эпосундагы көөнө ишенимдерди изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиясы жана материалдары"** деген **экинчи глава** диссертациянын объектисин жана предметин, материалдарын, колдонулган усулдарын, методологиясын сыпаттоого арналды. Бул глава үч параграфтан турат.

**2.1. "Манас" эпосундагы көөнө мотивдерди изилдөөнүн объектиси жана предмети"** деген аталыштагы бул параграфта эпостогу көөнө диний мотивдер эпикалык аспектидеги фольклор таануучулук изилдөөнүн объектиси жана предмети боло алары аныкталды.

Алгач, талапка ылайык изилдөөнүн объектисин аныктаганда, диссертациянын **негизги объектисин** "Манас" эпосунун канондук тексттери түзөт, иште эпостун С.Каралаев менен Б.Сазановдун айтуусундагы варианттарына басым жасалды. Эң ириде ушул материалдарга изилдөө объектиси катары таянуу — изилдөөнүн максаты жана милдеттери ырааттуу түрдө жүзөгө ашырылат. Ошондой эле, "Манас" эпосун өздөрүнүн изилдөөлөрүнүн объектиси менен предметине айлантышкан абройлуу окумуштуулардын маанилүү илимий-теориялык эмгектерин да илимий булак катары пайдаланып, ылайыгына жараша изилдөө объектисине тартылды.

Изилдөөнүн **негизги предметин** залкар "Манас" эпосунун көөнө эпикалык сюжети, алардын татаал карым-катнашы, көөнө диний мотивдердин айкалышуусу жана чырмалышуусу көрсөтүлгөнү түздү. Изилдөөнүн предмети катары эпостогу архаикалык мотивдердин алынышы алардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн ичкериден тереңдетип ачуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мына ушул жагдай "Манас" эпосунда көөнө элдик диний ишенимдердин сюжеттик тутумда дүйнөтаанымдык орду бар экенин илимий негизде талдоого алууга жана аныктоого, айкындоого шарт түзөт.

**Изилдөөнүн илимий проблемасы** – "Манас" эпосундагы көөнө диний ишенимдердин эпикалык мотив катары келишин, алардын эпостун сюжет курулмасындагы ордун, маанисин, кыргыз дүйнө таанымындагы маңызын ачуу аракетинде илимий талдоо жүргүзүү болуп саналат. Изилдөөдө эпостогу көөнө

ишенимдер өз боюнда жалпы адамзаттык дүйнөтаанымдын элдик диний ишенимдерге негизделген рухий баалуулуктарын алып жүрөөрүнө басым жасалат. Албетте, бул көрүнүш окумуштуулардын изилдөөлөрүндө көз жаздымда калган эмес, бирок алар эпостогу аталган сюжеттик мотивдерге карата комплекстүү поэтикалык талдоо жасоого, изилдөө жүргүзүүгө чейинки деңгээлге өнүгүп жете элек.

Изилдөөнүн негизги материалын түзгөн "Манас" эпосундагы көөнө диний ишенимдердин ичинен эң ириси а**нимизм** табияттагы материалдык жана материалдык эмес заттарды, кубулуштарды башкарып турган кереметтүү күч бар деген түшүнүккө негизделип, "Манас" эпосунда Анимистик түшүнүктөр С.Каралаевдин вариантында баатырдын колдогону Кожосан, кырк чилтен деп берилсе, Б.Сазановдо Жакыптын Алтайда Баба дыйкандан колдоо таап мол түшүм алып байыганы берилет, мында дыйканчылыктын піринин колдоочу рух катары келүүсү тууралуу көөнө ишеним сакталган. Ошондой эле колдоочу аксакалдын образы учурайт: Жакыптан "баягы ак сакалдуу кишиси / Калайыктан кеп сурайт / Атын мен коёюн деп сурайт" [Сазанов, Б. "Манас" [Текст], 1-китеп, Б.: Бийиктик плюс, 2017, 31-б.]. Мында ак сакалдуу киши Жакыпты дайым колдоочу сыйкырдуу күч катары берилет. **Тотемизм** адам баласы жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыккан, аларга боордош жаныбар катары кароо менен айрым жаныбарларды өзгөчө урматтап, аларды колдоочу, пир тутунуу түшүнүгүнө байланыштуу, бул көөнө ишенимден адамдын табият менен ымалада, гармонияда жашоого умтулган көөнө аң-сезимдик ынанымы ачыкталат. Тотем жаныбардын этин жесе анын колдоочу күчү өзүнө өтөрү тууралуу элдик көөнө ишенимге ылайык талгак болгон Чыйырды: Шер этин таап алсам – деп, / Казаныма салсам – деп, / Мыктап жатып тойсом – деп эңсейт [Каралаев, С. "Манас" [Текст]: эпос / С.Каралаев. - Б.: Турар, 2010. – 62-б.]. Б.Сазановдо: Колдоп жүрчү сыймыгы / Бут көрүндү көзүнө... / / Жолборс пери чамынып / Эки түгөй ак шумкар / Үстү жактан тебишип [Сазанов, Б. "Семетей" [Текст], 2-китеп, Б.: Бийиктик плюс, 2017, 106-б.] деп, тотемдик колдоочу жаныбарлардын образы ачылат. **Шаманизмде** бакшы, шамандар, же Энесай кыргыздарынын сөзү менен айтканда, камдар адамдар менен кудайдын, ата-бабалардын арбактарынын ортосундагы аларды байланыштыруучу, адамдарды оорудан, кырсыктан арачалап калуучу өткөргүчтүк, ортомчулук милдетти аткарышкан. Аталган варианттарда шамандык ритуалдар менен бирге берилген эпизоддор арбын. Маселен, ысырыктоо, мазар жерлерге сыйынуу, көзү өткөн арбактарга кайрылуу кездешет. Мисалы, Фетишизмде жансыз предметтерге ыйык колдоочулук касиет ыйгаруу, диний ритуалдарды аткаруу аркылуу анын сыйкырдуу натыйжаларына ишенүү, аны бел тутуу түшүнүгүнө байланыштуу. Эпосто Чубак, Бокмурун сыяктуу каармандарга бала кезинде тумар тагуу, ошондой эле кут түшүү ынанымы бар: "Карап жатса асманды / Асмандан болсо кут түштү... Алты жашар баланын башына куту орноптур... / Баланын атын укса Манас дейт" [Сазанов, Б. "Манас" [Текст], 1-китеп, Б.: Бийиктик плюс, 2017, 31-32-б.]. Кут түшүнүгү мында Көк Теңирден жарык нур менен түшүүчү нерсе катары берилет, аны ак чүпөрөккө тосуп алышып ыйык нерсе катары сакташкандыгы сүрөттөлөт. Булардын ичинен теңирчилик түшүнүгү эпосто

өзүнүн масштабдуулугу, абстракциясы, бир кудайга табынуунун келип чыгышы менен айырмаланат: “Коросонго кой айтып / Баабединге бата айтып: Өлгөн менен арман жок / Менде кенедей арман калган жок / Айлансам болот Теңирге!” [Каралаев, С. “Манас” [Текст]: эпос / С.Каралаев. - Б.: Турар, 2010. – 791-б.].

Жыйынтыктап айтканда, биздин изилдөө фольклор таануу, этнография жана дин таануунун интеграциясынын үлгүсү десек болот. Диссертацияда изилдөөнүн объектиси катары караган “Манас” эпосунда терең жана көп маанилүү элдик фольклордогу көөнө диний ишенимдерден турган эпикалык мотивдерди фольклор таануунун принциптерине айкалыштырып изилдөөдө илимий натыйжаларга жетишүүгө болот.

**2.2. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдерди изилдөөнүн методологиясы жана методдору”** аттуу параграфта диссертациянын темасын ачууда изилдөөнүн салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый, сыпаттама методдору колдонулгандыгы белгиленет. Ал эми методология колдонмо мааниде изденүүчү иликтөөсүнүн алкагында таяна турган изилдөө ишмердүүлүгүнүн принциптеринин жана ыкмаларынын системасы экендиги белгилүү. Изилдөөдө “Манас” эпосундагы көөнө диний мотивдер жана алардын сюжет куруучу функциясын талдоо, каармандардын ошол доорлордогу аң-сезимдик деңгээлдеги көөнө ынанымдык өзгөчөлүктөрүн аныктоо. Фольклордук чыгармачылыкка карата изилдөөчүлүк мамилени “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин материалында жүзөгө ашырууда аны илимий негиздеп берүү талап кылынат. Бул үчүн эпикалык чыгармачылыктын мүмкүнчүлүктөрүнө да, “Манас” эпосундагы элдик диний көз караштардын идеялык, мазмундук бөтөнчөлүктөрүнө да кеңири токтолууга туура келет.

Илимдеги байыркы ынаным-ишенимдер тууралуу элестетүүлөр, түшүнүктөр акыркы мезгилдерде белгилүү деңгээлде улам ылдамдап өзгөрүүдө. Изилдөөдөнүн методологиясында чет элдик жана ата мекендик илимпоздордун темага байланыштуу жазган эмгектерине таяныч жасалды. Орус фольклористикасын түптөгөн окумуштуулардан В.Я.Пропп (1998), Е.М. Мелетинский (1963), В.М. Жирмунский (1974) ж.б., ата мекендик илимпоздордон Э. Абдылдаев (1981), Р.З. Кыдырбаева (1996), И.Б. Молдобаевдин (1989) эмгектери диссертациялык ишти жазууда багыт берүүчү өрнөк болду.

Кыргыз фольклористикасында манастаануучу Р.З.Кыдырбаева эпостун доорлорду, кылымдарды басып өткөн жолунда пайда болгон катмарлануулларды баса белгилөө менен анын оозеки табиятына байланыштуу келип чыккан өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолгон. Ошондой эле эпостун жоголбой сакталып, биздин күндөргө жетип келүүсүндөгү айтуучулук өнөрдүн маанисин ачып көрсөткөн. Ал эми эпостогу көөнө диний мотивдер алгачкы адамзаттык ой жүгүртүүнүн бир салаасы катары эсептелерин белгилеген. Илимпоздун пикири боюнча “Манас” эпосундагы көөнө катмарлар эпостогу көөнө мотивдердин, сюжеттердин, образдардын жана көркөм туюнтуу каражаттарынын системасынан түзүлөт. “Манас” жанрдык-стадиялык жагынан негизинен тарыхый-баатырдык эпоско жатса да, анын айрым үлгүлөрү, айрыкча

Кыргызстандын түштүгүнөн жазылып алынган варианттардын (Б.Султанов, М.Акбаев, А.Ташов, А.Тажибаева ж.б.) сюжеттик курамы, образдары, көркөм сөз каражаттары жана алардын тарыхый-филологиялык өзгөчөлүгү боюнча көөнө баатырдык эпостордун катарына кирет. Көөнө катмар жана архаикалык мотивдер дегенде эпикалык чыгармачылыктын мифологиялык, тарыхый-баатырдык жана андан кийинки этаптарына таандык чыгармалардын поэтикалык түзүлүшүнөн орун тапкан, анын мазмунунда тарыхый баатырдык теманы көркөм чагылдыруу үчүн кызмат кылган көөнө, мифологиялык (тотемдик, шамандык, Анимистик, фетиштик ж.б.) мотивдер, сюжеттер, эпизоддор, образдар жана көркөм сөз каражаттарынын тутумун түшүнөрүбүз белгиленет [Кыдырбаева Р. З. Эпос "Манас". Генезис. Поэтика. Сказительство. – Бишкек: Шам, 1996].

Ал эми этнограф С.М. Абрамзон өзүнүн этнографиялык пландагы изилдөөлөрүндө көөнө диний ишенимдердин кийинки кылымдарда кыргыз эли салттуу тутунган ислам дини менен синкреттешип жашап жаткандыгын каада-салттык жагдайдагы мисалдарда ачып берет, мындан элдик аң-сезимде байыркы доорлордо кирген эски жана кийинки доорлордо кирген түшүнүктөр шайкеш сакталып келе жаткандыгы байкаларын белгилейт [Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990].

Тарыхчы-этнограф И.Б. Молдобаев "Манас" эпосун тарыхый-этнографиялык багытта талдоого алуу менен бирге байыркы диний түшүнүктөр боюнча да жазма булактарга кайрылуу менен өзү изилдөөгө алган проблемага байланыштуу токтолуп кеткен жана аларды түрктилдүү элдердин этнографиялык мисалында салыштырма талдоого алган [Молдобаев, И.Б. Эпос «Манас» как источник изучения духовной культуры киргизского народа. – Фрунзе: Илим, 1989].

Фольклорист Г.Т.Жамгырчиева кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдерди изилдөөгө арналган эмгегинде "Манас", "Эр Төштүк", "Кожожаш" эпосторундагы сюжеттин тутумунда кездешкен архаикалык мотивдерди мифологиялык, архаикалык өңүттө иликтөөгө алган. Алардын эпостордун калыптанышындагы, идеялык-тематикалык мазмунундагы ордун ачып берген. Өзүнүн изилдөө багытына карай көөнө диний мотивдердин эпикалык жагдайдагы өзгөчөлүктөрүнө айрым талдоолорду да жүргүзгөн [Жамгырчиева Г.Т. Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер ("Манас", "Эр Төштүк", "Кожожаш" эпостору боюнча). – Ош: Кагаз ресурстары, 2015].

Манастаануучу Н.Х.Бекмухамедованын "Эпос "Манас": проблемы онейротопики и визионотопики (структура, функции, символика)" (2018) деген эмгегинде "Манас" эпосундагы түш көрүү жана аян көрүү мотивдеринин поэтикасы маселеси изилденип, аталган мотивдердин структурасы жана эпостун тутумунда аткарган кызматы, типологиясы, мифтик-поэтикалык символиканы үйрөнүүдө алардын салттуу көркөм каражат катары келиши, улуттук аң-сезимдеги архетиптерди бекемдөөдөгү мааниси аныкталган. Түш көрүү жана аян берүү көрүнүштөрүн изилдөө авторго эпостун көркөм чындыгынын өзгөчөлүгүн ачууга жана дүйнөнүн эпикалык моделинин мейкиндик чектерин аныктоого мүмкүнчүлүк берген. Бул изилдөөдө окумуштуу тотемизм жана шаманизм көөнө ишенимдерине өзүнүн илимий

изилдөө багытына байланыштуу айрым токтолуп кеткен. Эмгекте түш көрүү феноменине байланыштуу шамандар жана манасчылардын кесипкөй түш көрүүлөрү салыштырылып, манасчылардын аян алуусу каралган. Ошондой эле онейротопикага байланыштуу Байтеректин, Чынардын образ-символдору тууралуу маалымат берилет [20, 364-б].

Акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдөн Н. А. Маничкиндин "Шаманизм и духовно-магические практики кыргызов" (2019) аттуу эмгеги бакшылык салтындагы кыргыз шаманизмине арналып этнологиялык аспектиде шаманизмди рухий-магиялык планда ачып берген эмгек катары белгилүү болду. Анда шаманизмге байланыштуу рухий-магиялык практика, ритуалдык тексттер жана кыргыздардын сакралдык элестөөлөрү каралат. Кыргыз шаманизмин этно-маданий контекстте аңдоо менен автор сакралдык практиканын экзистенциалдык маани жана үрп-адаттык көркөм өзгөчөлүктөр менен мифопоэтикалык толукталышын байланыштырат. Ошондой эле социалдык-тарыхый трансформацияларды баштан кечирүү менен өзгөрүлүп, кыргыздардын салттуу сакралдык практикалары жана билимдери өзүнүн маданий маанисин, рухий баалуулугун биздин күндөрдө дагы сактап келе жаткандыгын ачып көрсөтөт. Бул эмгекте кыргыз элиндеги бакшылык өнөр, алардын ак жана кара бакшы болуп бөлүнүшү, өзгөчөлүктөрү, бакшылык өнөрдүн кийинки доорлордо ислам дини тарабынан сүрүлүп чыгарылышы тууралуу сөз болот. Думана түшүнүгү жөнүндө иликтөө жүргүзүлүп, анын шаманизм жана суфизмдин ортосундагы мааниси белгиленет. Кыргыздардагы куучулук кесибинин турмуштагы орду, ошондой эле касиеттүү өсүмдүктөр жана сокралдык жаныбарлар тууралуу кызыктуу материалдар менен жабдылган [68, 264-б.].

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн **методологиясы** орус жана ата мекендик окумуштуулардын илимий изденүүлөрүнүн объектиси болгон эпикалык поэзиядагы элдик көөнө ынаным-ишенимдердин дүйнөтаанымдык жана сюжеттик тутумдагы маани-маңызы тууралуу идеяларга негизделди. Мындан сырткары, белгилүү фольклорист окумуштуулардын "Манас" эпосундагы элдик дүйнөтаанымдык, рухий көз караштар жөнүндөгү ой-пикирлери эпостогу көөнө элдик диний ишенимдердин өзгөчөлүктөрүн ачуу үчүн зарыл илимий-теориялык, методологиялык өбөлгө катары колдонулду.

**2.3. "Изилдөөнүн негизги материалдарына кыскача теориялык экскурс"** деген параграфта кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын ири жанры болгон эпосто, анын ичинен биз иликтөөгө алган "Манас" эпосунда архаикалык мотивдер сакталып калгандыгы, алар сюжет куруууда, образдарды түзүүдө кызмат өтөп, чыгарманын идеялык жүгүн көтөрүүдө көмөк болуп, композициялык түзүлүшүндө мааниге ээ экендиги белгиленет. Аларга эпостогу мифтик, жомоктук сюжеттер, кейипкерлер, салттуу сюжеттик көөнө мотивдер, атап айтканда, баатырдын укмуштуу төрөлүшү, ага ат коюу, адаттан тыш тез өсүүсү, эрдиктери, баатырдык үйлөнүү ж.б. кирет. Ошондой эле элдик көөнө ишенимдерге негизделген мотивдердин эпосто эпикалык салттуу мотив катары өз орду бар. Алар башка көөнө сюжеттик мотивдердин катарында эпостун түптөлүшүнөн бери карай жашап келет. Дин адамзат аң-сезиминин

өнүгүшүндөгү өзгөчө формасы болуп, анын тарыхында көптөгөн баскычтардан өткөндүгү, миңдеген жылдар бою өнүккөн жана татаалдашып жүрүп олтурган көз караштардын системасы экендиги талдоого алынат. Кыргыз элиндеги көөнө диний-культтук элестөөлөр, түшүнүктөр жалпы маданий, адабий-эстетикалык диний-конфессионалдык таанымдын бирдиктүү методологиялык контекстинде өнүккөн. Элдин көркөм сөз өнөрүндө бул мотивдердин эстетикалык чагылышы анын коомдук рухий турмуштан тапкан өзгөчө ордун, адамдын жан-дүйнөсүндөгү муктаждыкты толтуруучу маанисин белгилейт. Адамзаттык аң-сезимдин бир формасы болгон диний ишенимдер адамдын жаралышынан тартып анын бул жашоого келүүдөгү миссиясына чейинки өздүгүн аныктоого, өзүн таанып-билүүсүнө байланыштуу келип чыккан зарылдык болгон.

Ал эми “Манас” эпосундагы көөнө эпикалык мотивдер боюнча Байгазиев, С.О. Манастаануу [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек: [б-сыз], 2000. – 264-б.; Орозобекова, Ж.К. Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп-өнүгүү жолу [Текст] / Ж.К.Орозобекова. – Бишкек: [б-сыз], 2003. – 302-б.; Орозова, Г. Ж. Фольклордук жанрлардын өзгөчөлүгү [Текст] / Г. Ж. Орозова. – Бишкек: [б-сыз], 2021. – 444-б.; Жамгырчиева, Г.Т. Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер (“Манас”, “Эр Төштүк”, “Кожожаш” эпостору боюнча) [Текст] / Г.Т. Жамгырчиева. – Ош: Кагаз ресурстары, 2015. – 305-б.; Нарынбаева, Н.О. Миф. Оозеки кара сөздүн көөнө уңгулары [Текст]: моногр. / Н.О. Нарынбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 238- б.; Калчекеев, К.Б. “Манас” эпосунун түштүк варианттары [Текст] / К.Б. Калчекеев. – Жалал-Абад: [б-сыз], 2002. – 15-б.; Бекмухамедова, Н.Х. эпос “Манас”: проблемы онейротопики и визионотопики (структура, функции, символика) [Текст] / Н.Х. Бекмухамедова.– Б.: Ак-Кара, 2018. - 364 с.; Кулбаракова, З.А. “Манас” эпосундагы жаныбарлардын көркөм чагылдырылышы жана тотемдик белгилери (С. Орозбаков, С. Каралаевдин варианттарынын негизинде) [Текст] / З.А. Кулбаракова. – Филол. ил. канд. дисс. авторефераты. – Б., 2019.– 26-б.] ж.б. эмгектеринде маалымат берилген.

Ар улуттун элдик оозеки чыгармачылыгы жалпы адамзатка мүнөздүү болгон диний-мифологиялык башаттарга барып такалат, башкача айтканда, элдин көркөм сөз өнөрү эзелки доорлордо адамзаттын алгачкы жамааттык доорунда аң-сезимдик деңгээлде жашаган көөнө ынаным-ишенимдерден, мифтерден өзөк алган. Изилдөө объектиси катары тандалган “Манас” эпосундагы байыркы диний мотивдердин эпосто кездешүүсү, аны жараткан кыргыз элинин дүйнөдөгү эзелки элдерден экендигине түздөн-түз байланыштуу, себеби элидин эпикалык ойлоосунда, анын туундусу катары эпосто диний ишенимдик байыркы катмарлардын белгилери сакталып калган.

**Жыйынтык.** Эпос жанрында, анын ичинде “Манастагы” сюжеттик тутумда эпос калыптана баштагандан бери жашап келе жаткан, элдин байыркы дүйнө таанымын көркөм чагылдырган көөнө мотивдер чыгарманын өзөгүн сактоочу элементтерден болуп саналат. Алардын бири катары көөнө диний ишенимдер эпостун идеялык-композициялык курулушунда өзүнчө жүк көтөрүп, анын архаикалуулук белгилерин ачыктап турат. Исламга чейинки көөнө диний ишенимдердин дүйнөлүк фольклордо кездешүүсү, анын ареалынын кеңдиги бул мотивдердин жалпы адамзаттык маанисин белгилейт.

Үчүнчү глава **Көөнө ишенимдердин “Манас” эпосунда эпикалык мотив катары берилиши”** деп аталып, алты параграфтан турат. Мында эпосто эпикалык мотив делип эсептелген элдик көөнө ынаным-ишенимдердин мазмуну, табияты, өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүрөт. **Анимизм** диний көз караш катары дүйнөлүк ири диндердин бардыгында кездешкен жаратылыштагы бардык нерселерде бар, аларды башкара турган кереметтүү күч, жан бар экендиги тууралуу ишенимди билдирип эпостук сюжетте өз ордун тапкан. Адамзаттын жашоосунун алгачкы доорлорунда, баштапкы жамааттык коомдо эле келип чыккан **тотемизм** адамды жаныбардан бөлүп карабайт, аларды бир тууган деп эсептеп, айрымдарын түпкү бабасы катары санап, ага сыйынып урматтаган дүйнөтаанымдын бөлүгүн чагылдырат. **Шаманизм** табият менен адамдын гармониялуу жашоосуна багытталган ритуалдык иш-аракеттерге негизделген элдик ишеним катары “Манас” эпосунда сюжетти байытуучу функция аткарат, ал эми **фетишизм** жансыз заттарда да адамга жардам берүүчү өзгөчө энергетикалык күч-кубат бар деген түшүнүккө негизделет жана эпостун өзөк окуяларында, мисалы, “Көкөтөй хандын ашы”, “Чоң казат” ж.б. окуяларында тыгыз чагылдырылат. **Теңирчилик** диний ишеними байыркы көчмөн цивилизациянын жашоо образына ылайыкташкан эркин көчмөн духту чагылдырган элдик көөнө дүйнөтаанымдык көз караш болуп чыгармада туруктуу сакталып калган.

**3.1. “Манас” эпосундагы исламга чейинки көөнө ишенимдердин эпосто эпикалык мотив катары кездешүүсү, анимизм жана ага байланыштуу ишенимдин эпосто көркөм чагылышы”** деген аталыштагы экинчи параграфта эпостогу көөнө диний ишенимдердин ичинен анимизм кеңири кездешкендиги жана байыркылыгы менен айырмаланары көрсөтүлөт. Диний ишенимдердин түпкү жаралышында адамзаттын алгачкы жамааттык коомдогу баёо аң-сезими өзөк болуп, өзүн курчап турган чөйрөдөгү түрдүү кубулуштарды көөнө ишенимдин негизинде түшүндүрүүсү берилген, б. а., диний ишенимдер дүйнөнү таанып-билүүнүн илимге чейинки көз караштарын синкреттик биримдигинен түзүлгөн. “Манаста” алгачкы диндик көз караштардын элементтерин, анын ичинде анимизмдин белгилерин байкалат:

*Кол алышып турду эми*
*Аты Кызыр дубана:*
*“Колдодум” деп, Манаска*
*Ичинен ыпча тон берди,*
*Кырк чилтендин баарысы,*
*Шай ата баштык карысы*
*Кыдырата кол берди!*

[Манас [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Бишкек: Турар, 2010. – 161 б].

*Соогат-соогат, Алмамбет,*
*Көк жал аттанып чыксаң жол болсун,*
*Жол болгондо мол болсун,*
*Кызыр болсун жолдошуң,*
*Пирлер сени колдосун.*

*Ошону айтып Акэркеч...*

[Манас [Текст]: баатырдык эпос /Б.Сазановдун варианты; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; түз. З.Кулбаракова. – Бишкек: [б-сыз], 2017. – 79 б]

Аталган көөнө ишеним кыргыз элинде эле эмес, тектеш түрк-монгол элдеринин фольклорунда да бирдей учурайт. ***Анимизм - материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө эгедер, алардын үстүнөнө башкарып турган жандардын бар экендигине карата ишеним болуп саналат.*** Анимистик көз караш боюнча бүт табият ак санатай, же кара санатай күчтөр менен курчалган деп эсептелет. Элде ошолордун ээсине арнап курмандык чалып турган. Анимистик ойлоонун элементтери "Манас" эпосунда да орун алган. ***Анимизмдин негизги жоболорунун бири - асман, жер жана суу ээсине, анын колдоочулугуна, зыян келтирүүчүлүгүнө ишенүү.*** Манастын төрөлүшү Жакыптын Теңир ээсине бала сурап жалынуусу жана ага арнап мал союп курман чалуусу менен мотивдештирилет. Бул, маселен, эпостогу башкы каармандардын бири Эр Төштүккө байланыштуу окуяларда чагылдырылып, адам дени менен жанынын айырмачылыгы, жандын түбөлүк өлбөстүгү, анын башка формада жашашы өңдүү түшүнүктөр да анимистик ойлоонун табигый жемиши экендигин айгинелейт.

**3.2. "Тотемизм, ага байланыштуу ишенимдин эпосто көркөм чагылышы"** деген параграфта тотемизмдин уруучулук коомдогу диний ишенимдердин жана каадалардын жыйындысы, диндин байыркы формасы экендигине көнүл бурулат. Анын негизги өзгөчөлүгү — тигил же бул уруунун тегинин кайсы бир өсүмдүктөн же жаныбардан пайда болуусун тикеден-тике түшүндүрүү, анын ыйыктыгына, кереметтүүлүгүнө ынануу. Мезгилдин өтүшү менен айрым тотемдик түшүнүктөр эпостун сюжетинде кыскарып туруктуу эпитетке айланып калгандыгы көрүнөт. Көөнө ишенимдердин ичинен ар түрдүү топтогу адамдардын түрлүү жаныбарлар, өсүмдүк, жаратылыштын көрүнүш-кубулуштары менен тектеш экендигине жана кандаштык туугандыгына болгон ишенимге негизделген тотемизм өзгөчө орунду ээлейт:

*Бир мүчөлүн карасаң*
*Комдонуп жаткан көк жолборс.*
*Кара чаар кабылан*
*Капталында чамынып,*
*Чолок көк жал арслан*
*Оң жагында камынып,*
*Асмандан алп кара куш Зымырык*
*Азыр эңип кетчүдөй*
*Арбайтып бутун салыптыр.*
*Колдогону бир тогуз,*
*Коржоктотуп Манасты*
*Колдоп жаткан кези экен,*
*Телегейи тең экен,*
*Өзү шай колдогон шер экен!*

[Манас [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Бишкек: Турар, 2010. – 100-б].

*Канкорго кудай бериптир,*
*Беш кытайдын кер кайып,*
*Өзү сүйүп келиптир.*
*Көк ала кулжа даң салып,*
*Кап туурадан келгени.*
*Кайып бири келгени,*
*Муну Чубак көрүптүр.*
*Качыргандан кайтпаган,*
*Чагарак куйрук чаар төш*
*Жолборс бор чамынып,*
*Кара кулак шерлери,*
*Туш-тушунан камынып.*

[Манас [Текст]: баатырдык эпос /Б.Сазановдун варианты; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; түз. З.Кулбаракова. – Бишкек: [б-сыз], 2017. – 212-б].

Мисалдардан көрүнүп тургандай, байыркы чыгыш түрк Орхон, Эне-Сай жазууларында кыргыз жана башка түрк элдери тарабынан тотем катарында урматталган жаныбар илбирс менен бөрү ж.б.жаныбарлар айтылат, бул салттуу түшүнүк "Манас" эпосунда да колдонулат. Эпостун башкы каарманы Манастын туруктуу эпитеттеринин бири "көк жал", "көк бөрү" болуп берилет. Кошойдун кыргыздарды "кырк уруу бөрү" сыпатында мүнөздөшү, Манастын көк бөрү болуп кубулган кырк чилтенге жолугушу, анын батасын алып, дайыма колдоого ээ болуп жүрүшү өңдөнгөн мотивдер байыркы тотемдик ишенимдин эпостун жалпы мазмунуна, көркөмдүк деңгээлине образдык системасына белгилүү таасир тийгизгенин күбөлөйт.

**3.3. "Шаманчылык менен жайчылык касиеттин байыркы элдик ишеним катарында эпосто көркөм чагылдырылышы"** деп аталган үчүнчү параграфта шамандык ишенимдерге жана жайчылык касиетке негизделген эпикалык мотивдер талдоого алынды. Эпикалык мотив фольклордук чыгарманын өзөгүн түзгөн чакан бөлүк болуп саналары белгилүү. Эпос айтуучулук өнөр айрым белгилеринде, ырым-дарым жасоо, аба ырайына таасир берүү, оору-сыркоону сакайтуу жаатында шамандык өнөргө да окшошуп кетет. Шамандар аталган иш-аракеттерди түздөн-түз милдети катары түшүнсө эпос айтуучулар бул нерселерди иштин жүрүшүндө өзүнөн-өзү келип чыгуучу кубулуш катары кабылдашат. Изилдөөчү М.Элиаденин пикири боюнча шаманизм экстаздык жана терапиялык ыкмалардын жыйындысы катары болуу менен, алардын максаты — көзгө көрүнбөгөн параллель дүйнөлөр менен байланышка чыгуу жана адамдардын аракеттерин башкарууда колдоого ээ болуу. Шаманизмдин элементтери практика жүзүндө бардык континенттердеги жана бардык маданий деңгээлдердеги диндерде учураганы менен анын "отурукташкан" жери Борбордук жана Түндүк Азия болуп саналат. "Шаман" термини тунгус тилинен келип чыгып "сыйкырчы" дегенди туюнтат, ал эми жалпы түрк тилинде "кам" деп айтылат. Якут, кыргыз, өзбек, казак жана монгол

калктары,мисалы монголчо “бек” деп, кыргызча “бакшы”, “куучу” деген атоолор бар. Негизинен шаманизм диндин баштапкы формасы болуп, анын уңгусунда транс абалында шамандын рухтар менен баарлашуусуна негизделген ишеним жатат. Бул, албетте, оозеки чыгармачылыктын табияты менен дагы түшүндүрүлөт. Кыргыздын көөнө ынаным-ишенимдеринин ичинде жай таштын магиялык касиети жөнүндө абдан мол этнографиялык маалымат жыйналган. “Манас” эпосунда дагы жай таштын аскердик магиядагы аткарган кызматы өтө кеңири орун алган. Бирок жайчылык касиетти аркалаган бакшы дагы, шаман дагы эмес, Алмамбет, Мурадыл, Коңурбай, Жолой өңдүү эпос кейипкерлери. Жай ташты дубалап аба ырайына таасир этүү тууралуу эпизоддор эпостун сюжеттик тутумунда жогорку көркөмдүктө сүрөттөлөт. Эпосто жай таш түшүнүгү менен байланышкан окуялардын сүрөттөлүшү кеңири кездешет:

*Карыкандын жай ташты,*
*Бир чөйчөктө кара суу,*
*Суф дедирип ургамын.*
*Жердин башын каккылап,*
*Үзөңгүнү чапкылап,*
*Үч кыйкырып, үч үйлөп,*
*Үч ышкырып турганда,*
*Кабагым бүркөп калганда*
*Асмандан булут сабоолоп,*
*Жердин бетин камоолоп...*

[Манас [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Бишкек: Турар, 2010. – 618 б].

*Кырымдын уулу Мурадыл*
*Жай ташын сууга салганы*
*Жайлап туруп калганы.*
*Жай ташты көлгө урду дейт,*
*Жай дубасын күбүрөп,*
*Жайлап карап турду дейт,*
*Кара сууну уютуп,*
*Кайра колун сунду, дейт*
*Туруканын тунук көл,*
*Ого бетер тунду дейт!*

[Сейтек [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 5-китеп. – 194 б].

Ушундай эле магиялык аракеттер манасчылардын “Манас” эпосунан үзүндү айтуу аркылуу дагы ишке ашып туган. манасчылык өнөрдүн ооруга чалдыккан кишиге дарман берүүчү жагдайы эл арасында эзелтен бери кеңири белгилүү. Кар аз түшүп жут болгондо, айылды оору-сыркоо басканда, аялдар төрөй албай кыйналганда башка дагыкыйын кырдаалдарда жомокчуну чакырып “Манасты” айттырышкан. Мындан баатырдык баянды айтуу жараяныдагы энергетикалык деңгээлдеги тазалоочулук касиетти туюнтат.

**3.4. " Кыргыздын көөнө ишениминдеги фетиштик көз караштар жана эпостун сюжетинде көркөм сүрөттөлүшү"** деген параграфта "Манас" эпосундагы адамзатка караштуу өзгөчөлүктөрдү, сапатты нерсеге, предметтерге таандык кылып, аларга таянуу менен тооп кылууга негизделген көөнө ишеним фетиштик ынанымдарга жатат. Фетиш нерселердин (мисалы: тумар сымал буюмдар) адам тагдырына таасир берүүчү кереметине ишенүүдөн көрүнөт. Ал адамдарга гана мүнөздүү сапаттарды тигил же бул буюмга, нерсеге таандык кылып, алардын адаттан тыш керемети бар деген диний ишенимге таянган көз караш катары пайда болгон жана жашаган. Фетишизм көп сандаган элдин коомдук аң-сезиминде туруктуу орун алып, алардын материалдык жана маданий өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген. Диний мифологиялык мындай түшүнүктөр менен ишенимдер кыргыз элинде да жашап келген жана анын калдыктарын "Манас" эпосунан кеңири жолуктурууга болот

Фетишизм француздун "fetiche" — "керемет" деген сөзүнөн алынып, "Манас" эпосундагы адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге да таандык кылып, алардын кереметтүү күчүнө ишенген көз караш. Фетиш нерселердин (мисалы: тумар) адам тагдырына таасир берүүчү кереметине ишенүү — байыркылардын дүйнө таануу жана түшүнүү жаатындагы мифологиялык ой жүгүртүүгө негизделген идеологиянын өзгөчө бир формасы. Ал адамга гана мүнөздүү сапаттарды тигил же бул буюмга, нерсеге таандык кылып, алардын адаттан тыш керемети бар деген көөнө ынаным-ишенимге таянган көз караш катары пайда болуп, аң-сезимге сиңген. Этнографиялык маалыматтарда жана эл оозеки чыгармачылыгында кыргыз турмушундагы фетиштик заттар арбын катталган жана алардын сыйкырдуу функциясы түшүндүрүлгөн. Мындай буюмдар тобуна: койдун карыжилиги, үкүнүн канаты, карышкырдын чүкөсү, бүркүттүн тырмагы сыяктуу бир топ предметтер кирген. Фетишизм боюнча кыргыз илиминде окумуштуулар С.М. Абрамзон, И.Б. Молдобаев, Т.Д. Баялиеванын ири эмгектери бар [5, 76-17-б.].

Иликтөөгө алынып жаткан "Манас" эпосунун сюжетинде калмак-кытайлардын ***бурканга, бутка*** сыйынууга байланыштуу окуялар сүрөттөлөт. Кыргыз эли "Теңир урсун!" деп карганса, кытай-калмактар "Буркан урсун!" деп карганган. Бут менен буркандын касиетине, колдоочулук кереметине ишенүү мотиви эпикалык душмандардын аракеттеринде, согуштук сценаларда конкреттүү окуялар менен бекемделет. Байыркы кыргыздын турмушундагы ***кут*** предметин дагы фетиштик түшүнүк катары кароого болот. Ошондой эле фетишизмге байланыштуу эпосто ***"жан"*** жөнүндө түшүнүк кездешет. Кыргыздын мифтик түшүнүгүндө ааламдагы бардык эле затта "жан" болот. Ар кандай заттын денеси өлсө да, жаны башка бир нерсеге айланып (мисалы: айрым каармандардын жаны жети кара чымчык ж.б.) кетет деген түшүнүк болгон. Башка көөнө ишенимдердин ичинде фетишизм алгачкы жамааттык коомдун адамынын баштапкы диний элестөөлөрүнүн комплексинин калыптануу жараянындагы акыркы стадиясы катары келет. Фетиштин пайда болуусу магиялык күчтөрдүн убакыт жана мейкиндикте которулуу менен бирге эле реалдуу дүйнөнүн предметтеринде орун алгандыгын көрсөтөт [3, 38-б.].

**3.5. “Теңирчиликтин эпостогу мотивдери, кыргыз элинин рухий маданиятынын өнүгүү контекстиндеги орду”** деген бешинчи параграфта байыркы доордун адамдары аалам кубулуштары, курчап турган айлана-чөйрөдөгү нерселердин табияты, оору менен өлүмдүн себептерин чечмелөөдө абалкы аң-сезимдик деңгээлде дүйнөнү таанып-билүүгө аракетинин эпосто чагылдырылышы талданат. Теңирге, жалпы бир көк (асман) кудайына сыйынуу, аны бардыгын жараткан эгебиз деп билүү менен катар эле жер бетиндеги адамдардын, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн да өз алдынча ээси, колдоочусу болот деген ишеним үстөмдүк кылган. Мындан отко, жер-суу ээлерине, баланын колдоочусу катары Умай энеге, жан-жаныбарлардын колдоочуларына, мазар катары айрым дарактарга, кийинчерээк аң-сезимдин өнүгүшү менен абстрактту түшүнүктөргө, дыйканчылыктын, устачылык өнөрдүн пирлерине сыйынуу-табынуу орун алып, байыркы адам жаратылыштын көрүнүш-кубулштарын жана андагы өзү баштаган бүткүл жандууну бир бүтүндүк катары кабылдаган. Тоолуу өлкө болгондуктан, башка өлкөлөр менен алака жасоо солгун болуп, башка этностор басып өткөн теңирчилик жергебизде узакка сакталган. Элдин рухий жөлөк издеген талабына ылайык келип чыккан теңирчилик ишеними мифологиядан башат алган көөнө аң-сезимдик деңгээлдин көрүнүшү болуп, кийинки мезгилдерде абстрактту ойломдун деңгээлине чейин өсүп чыккан. Көк Теңирге табынуу, ага үмүт-тилектерин билдирүү элдин аң-сезиминде бирдей орун таап, коомдук эстутумдан эпоско өтүп, “Манастан” орун алган.

Элдик оозеки чыгармачылыкта, анын ичинде кыргыз эпосторунда диний культтарга, образдарга, сюжеттерге, мотивдерге кайрылуу дүйнө таануунун эстетикалык кеңири контекстте жакшылык, жамандык, өмүр, өлүм сыяктуу түбөлүктүү маселелерди аңдап түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Эпостордун философиялык маселелерди чагылдыруудагы өзүнө таандык жеке өзгөчөлүктөрүнө карабастан, алардагы байыркы ынаным-ишеним мыйзамдары менен шартталган теңирчилик, шаманизм ишенимдеринин өз ара бирине-бири жалгашкан улантуучулугу байкалат:

*Айлансам болот Теңирге,*
*Мындай кабар тийген соң,*
*Томсоруп кантип калайын,*
*Жылкыдан тулпар Сарала*
*Ай туякка чалайын*
*Көңүлдөгү дартымды*
*Минтип ачып алайын!”*

[Манас [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Бишкек: Турар, 2010. – 791 б].

*Тең атанын уулубуз,*
*Теңиринин кулубуз.*
*Таягын жеп, тил угуп,*
*Тарап кетип тим болсок,*
*Теги болбойт мунубуз...*

[Манас [Текст]: эпос / С. Орозбак уулунун варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 4 - китеп. – 10 б].

Биринчи мисалда Алмамбет баатыр уулдуу болгонунда сүйүнгөн учурунда Тенирге ыраазылык сөзү, экинчисинде Көкөтөйдүн ашында Манаска таарынып калган Үрбүнүн жети кандын чатагын уюштуруп жаткандагы сөзү келтирилип, бардык пенделер Теңирдин кулу экендиги, ал тарабынан жаратылгандыгы тууралуу мазмун камтылат.

Байыркы түрк элдеринде ***“Теңир”*** деген сөз ***“улуу кудай”*** дегенди туюндурган. Теңир – бул универсалдуу кубулуш. Ал натурфилософиялык субстанция катары кудай, социалдык күч, тартиптин башаты, жамандык менен жакшылыктын булагы. Мында сыйынууга караганда чыныгы дүйнөгө болгон реалдуу көз караш басымдуулук кылат. Эгерде христиан кудайын, табияттан сырткары турган адамзаттык инсан катары кабылдашса, ал эми Теңир бул объективдүү түрдөгү табият, жаратылыш катары кабылдаган. Кыргыздын Теңирге сыйынганы “Манас” эпосунда: “Кийингени көк темир, сыйынганы бир Теңир”, – деген айтым кайталанып келет.Баатырлар антташканда же каргыш айтканда: “Төбөсү ачык Көк урсун, төшү түктүү Жер урсун” деген. Бирөөлөргө нааразы болгондо: “Кудай Теңирин тааныбай калды”, – дешкен. Теңирчиликте дүйнө (аалам) – жогорку, анда кудайлар, ыйыктар жашайт, ортоңку дүйнөдө адамдар, жана астыңкы дүйнө – өлгөндөрдүн жери болуп айырмаланган. Теңирчилик адам баласын табият менен эриш-аркак жашоонун негизинде акыл-оюн байытып, рухий дүйнөсүн өстүрүүгө жардам берген. Кыргыздын абалкы маданиятында ата-бабанын арбагына тайынуу, сыйынуу, андан көмөк күтүү абдан кеңири орун алган. Ошондуктан кыргыздардын мифтик баяндарында “ата-бабанын арбагы” жөнүндөгү көркөм элестетүүлөр арбын кезигет. теңирчилик азыркы түшүнүктөгү дин эмес, ал тотемизм, фетишизм, анимизм сыяктуу кеңири белгилүү политеизмдин салттуу формаларында өнүккөн.

**Жыйынтык. Көөнө ишенимдердин “Манас” эпосунда эпикалык мотив катары берилиши”** деген үчүнчү главада кыргыз эли тутунган көөнө диндер тууралуу сөз болуп, изилдөө объектиси катары исламга чейинки байыркы диндерди, атап айтканда, тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизм ишенимдеринин элементтеринин эпостун тутумунда кездешүүсү каралат. Кыргыз элинин исламга чейин тутунган бир нече байыркы ишенимдери фольклордук чыгармаларда көркөм чагылдырылып, сакталып калган. Алардын ичинен масштабдуу тараган, көчмөн цивилизациянын табиятына ылайык келген көөнө диний ишеним теңирчилик болгон. Алар сюжеттик курамда эпикалык мотив катары кызмат өтөйт. Дүйнөлүк тарыхта тенирчилик жеңерман элдердин ишеними катары белгилүү, алсак, орто кылымда түрктөр, монголдор жеңүүчүлөр болушкан, ошондой эле теңирчилик уюштуруучу, бириктирүүчү дин болгон, ал акырындап дүйнөлүк диндер тарабынан сүрүлгөн жана алар менен ылайыкташып биригип, синтездешкен. Ушуга байланыштуу “Манас” эпосунун идея, мазмун, сюжет, образдарынын улам жаңы жактары ачыла бермекчи. “Манас” эпосундагы көөнө мотивдер, анын ичинде байыркы диний ишенимдер эпостун жаралышынын башаттарында турат. Эпостун салттуу сюжети аларды негизге алуу менен курулган жана алардын арасында көөнө мотивдердин өзөк катары сюжет куруудагы ролу зор, чыгарманын түптөлүшүндөгү орду ушуну менен аныкталат. Ошол көөнө мотивдер, анын ичинде элдик диний

ишенимдерди камтыган эпикалык мотивдер алгач мифтерден өрүш алып, кийинчерээк, абстракттуу ойлоонун пайда болушу, өнүгүшү менен акырындап бөлүнүп чыккан.

## КОРУТУНДУ

Кыргыз эпосу “Манастагы” көөнө диний ишеним мотивдеринин мифопоэтикалык чагылуусуна байланыштуу иликтөө төмөнкү жыйынтыктарга алып келди. Аталган проблеманы чечүүдө изилдөөгө алынган эпосту этникалык жактан тектеш элдердин маданий-көркөм салттарынын татаал контекстинде кароо зарылдыгы туулат. Мында кыргыздын дүйнөгө көз карашы бир нече байыркы ынанымдык башаттардан башталып, байыркы диний ишенимдер болуп саналган теңирчилик жана шаманизмдин таасиринде калыптангандыгын эске алуу керек. Аң-сезимдин чагылыштагы тарыхый жана маданий парадигмасы бир мезгилде үч типтеги, тактап айтканда, мифологиялык, диний жана илимий ой жүгүртүүнүн болушу менен мүнөздөлөт. Булардан өтмө катар байланышта жашоочу дүйнөнүн, ааламдын ыймандык-эстетикалык, улуттук картинасы берилген өзгөчө көркөм ойлоону аныктап турары байкалат. Кыргыздын анимистик элестөөлөрүндө байыркы, жамааттык уруулук жана кийинки патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн мезгилдериндеги коомдук күчтөр чагылдырылат.

Коомду башкаруунун көчмөн цивилизациялык системасы, жөнөкөй адамдардын көөнө ынаным-ишенимдери кыргыз элинде байыркы доорлордо эле калыптангандыгы эпостордогу ритуалдык-мифологиялык башаттарда даана көрүнүп турат. Бул түзүмдүн калыптануусу ички, кыргыз коомунун өзүнө байланыштуу жана сырткы, коңшу элдердин, алардын социалдык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен шартталат. Ата-бабаларыбыз Түштүк Сибирь, Урал тоолорунан тартып, күнчыгыш тарабы Кытайга чейинки аймактарды жердегенкөптөгөн элдер менен коңшу жашап, аларда болуп жаткан окуяларга катышта болуп, маданий, социалдык ж.б. тараптан сөзсүз таасирленгендиги буга күбө.

Көркөм сөз өнөрүндөгү диний-культтук түшүнүктөр, кыргыз эпикалык чыгармачылыгындагы аталган элдик ишенимдерге кайрылганда ата-бабаларыбыздын Көккө (асманга) айрыкча урматтоо менен карагандыгын байкоого болот. Бул жердеги жашоону, адамзатты башкарып турган улуу күч, Көк Теңирдин асманда экендигин туюнгандан келип чыккан. Ошондуктан Көк (асман) культу, Жер, Күн, Ай, От, Суу культтары да турмуш күзгүсү болгон элдик оозеки чыгармачылыктан, кыргыз эпосторунан сыйлуу орун тапкан. Аалам, аркы дүйнө, жан, өлүм, шамандар жана алардын адамдар менен духтардын ортосундагы ортомчулугу, табият күчүн ыйыктыкка айландыруу кыргыз элинин “Манас” эпосунда өзүнүн көркөм чагылышын тапкан.

Конкреттүү эпикалык образдарды жана алар менен байланышкан маданий, турмуштук, диний, культтук салттарды эпикалык аспектиде изилдеп үйрөнүү биздин күндөрдөгү алардын жалпы социалдык-маданий жана этникалык комплекстеги ордун, эл тарыхынын түпкү тамырын билүүнүн

актуалдуулугу артып барууда. Түрк элдеринин маданий-тарыхый, диний-культтук ж.б. мурастарына аң-сезимдүү, диалектилик мамиле жасоо тарыхый эволюциянын жараянында салттуу, өзөктүк (ядронун) булактын модификациясын жана вариативдүүлүгү, динамикалык өзгөрүүгө жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп турат. Бирок эпостордогу, эпикалык чыгармачылыктагы архаикалык мотивдер сөзсүз түрдө курчап турган жаратылыштагы стихиялуу кубулуштар менен байланышта болгон. Мындан келип чыккандай элдик оозеки көркөм сөз өнөрүндө, эпостордо көптөгөн байыркы мифологиялык түшүнүктөр, культтар, ритуалдар жетишерлик түрдө көп кездешет. Мисалы, “Манас” эпосундагы кайыптар дүйнөсүн, мифтик түшүнүктөрдү камтылган окуяларда (С.Каралаевдин, Б.Сазановдун айтуусу боюнча). Алар негизинен сыйкырдуу-фантастикалык, мифологиялык сюжеттерде берилген.

Эпостордогу Көк Теңирдин культу Байтерек, от, очок, үңкүр, булак культтарынын келип чыгышына шарт түзгөн. “Манас” эпосунда тектеш монгол, бурят, алтай ж.б. элдердин таасири менен курчап турган табигый чөйрө, дүйнө, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө байланыштуу келип чыккан көптөгөн шамандык элементтер, буддизмдин катмарлануулары байкалат. Буддизм тууралуу сюжеттик мотив кытайлар менен кагылышууларга байланыштуу окуяларда берилет:

*Бут койдуруп бултуйтуп,*
*Эки ууртун дулдуйтуп,*
*Алтындан кылган баштарын,*
*Осмодон койгон каштарын,*
*Көөхардан кылып көзүнү,*
*Көркүн оңдоп өзүнү.*
*Сары алтындан бой кылып,*
*Забар зерден кол кылып,*
*Инжиден сайып тиш кылып,*
*Жыргатчудай иш кылып,*
*Эрди, мурду зумурут,*
*Эртели – кечти кызматын,*
*Эрикпей кылып олтурат ...*

[Манас [Текст]: эпос / С. Орозбак уулунун варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 4 - китеп. – 178 б].

*Чогулушуп болушуп,*
*Колодон чаап жасаган,*
*Колдураган бурканды*
*Көкүрөккө урушуп:*
*“Ушу буркан урсун!”- деп,*
*Чоң буйрукту тыңдашып,*
*Чогулушуп турушуп.*
*Чоң Жолой кебин угушуп,*
*Макул ойлоп алышып,*
*Балбанды бөлүп алышып.*

*Кайраттуусун, мыктысын*
*Как алдына салышып...*

[Манас [Текст]: эпос / С.Каралаевдин варианты. – Бишкек: Турар, 2010. – 227 б].

Сөз культу, магия сыяктуу уруулук коомдун өнүгүшүнүн баштапкы учуруна тиешелүү ишенимдер дагы байыркы башаттарга ээ.

Түбөлүктүү Көкө Теңир жогорку күч жана түзүүчү башат катары ой жүгүртүүгө кирип, адамдардын иш-аракеттерин жөнгө салып турат, бирок ал түз мамиледе биз үчүн жабык, кол жеткис. Алар менен байланышка чыгуу үчүн биз ата-бабалардын арбактарына, шаман-бакшыларга кайрылуубуз керек. Кыргыздардын шаманисттик ишенимдеринде жалпы жана жекече, т.а. жалпы элдик (Көкө Теңир), уруулук (жер ээси, булак ээси, уруулук энеси ж.б.) аймактык өзгөчөлүктөр сакталган. Ошондой эле жалпы элдик культтар – арбактын, аттын, энелик, ак сүттүк, суунун ж.б. культтары жашап келет. Абстракттуу түшүнүктөрдөн сөздүн культу, сакралдык сандардын культу бар (үч, жети, тогуз, кырк).

Элдик оозеки чыгармачылыкта, анын ичинде кыргыз эпосторунда диний культтарга, образдарга, сюжеттерге, мотивдерге кайрылуу дүйнө таануунун ыймандык-эстетикалык кеңири контекстте жакшылык, жамандык, өмүр, өлүм сыяктуу түбөлүктүү маселелерди аңдап түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Эпостордун философиялык-диний проблематиканы чагылдыруудагы өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнө карабастан алардагы диний-ыймандык мыйзамдар менен шартталган язычество, теңирчилик, шаманизм диндеринин өз ара бирине-бири жалгашкан улантуучулугу байкалат. Ошол доордун атмосферасына кирүү үчүн элдин дүйнөгө болгон көз карашынын рухий турмушунун терең маңызын ачуу керек. Бул болсо эпос этностун турмушундагы гана эмес дүйнөлүк маданияттагы маанисин аңдоого мүмкүнчүлүк берет. Мындай терең жана кеңири кабылдоого жетишүү адамзаттын байыркы башаттарына, алгачкы коомго жана көөнө диний көз карашына кайрылуу менен гана жүзөгө ашмакчы.

Корутундулап айтканда, “Манас” эпосундагы көөнө мотивдер эпостун жаралышынын башаттарында турат. Эпостун салттуу сюжети аларды негизге алуу менен курулган жана көөнө мотивдердин өзөк катары сюжет куруудагы ролу зор. Чыгарманын түптөлүшүндөгү орду ушуну менен аныкталат. Көөнө мотивдер, анын ичинде элдик диний ишенимдерге байланышкан сюжеттик мотивдер эпостун түпкү уңгусу катарында алардын жоголбой сакталып биздин күндөргө жетип келүүсүндө кызматы зор. Албетте, мында алгач мифтер жаралып, абалкы ынаным мотивдерден кийинчерээк абстракттуу ойлоонун пайда болушу, өнүгүшү менен акырындап бөлүнүп чыккандыгы анык.

Жогорудагыларды корутундулоо менен диссертациялык иште **төмөнкү жыйынтыктар** алынды:

• Көөнө ишенимдер боюнча окумуштуулардын илимий пикирлери, алардын мазмунуна жана баалуулуктарына байланыштуу берген баалары жогору;

• Түрк-монгол элдеринин маданиятын, анын ичинде фольклорун изилдөөдө шаманизмге көп көңүл бөлүнгөнү, анимизм, тотемизм, фетишизм жана теңирчиликтин "Манас" эпосунда эпикалык мотив катары орун алышы, сюжет куруудагы ролу бар;

• Окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү көөнө ишенимдердин табиятына олуттуу көңүл бөлүнүүсү дүйнөнүн жаралышы, ааламдын, адамдын жаратылышына байланыштуу фольклордук-этнографиялык материалдар кеңири берилген, анын ичинде "Манас" эпосунда кеңири кездешет;

• Көөнө диндер феномени: анимистик ынанымдар, шаманчылык, ата-баба, ыйык жер-суу культу сан жеткис кылымдар бою түрк-монгол элдеринин эпикалык эстутумунда жалпы моралдык ядро болуп сакталып, айрыкча орто кылымдардагы буддизм, христиан дини жана исламга караганда көбүрөөк таасирдүү келет;

• Теңирчилик илимий булактарда бардык түрк-моңгол элдеринин дүйнөкарашы катары эсептелишине таянуу менен, аталган этносторду маданий жана рухий жактан бириктирүүчү күч экендиги белигленет;

• Теңирчилик дүйнөлүк диндер тарабынан акырындап сүрүлүп чыга баштаган, бирок, кыргыз элинде жана "Манас" эпосунда ушул күнгө чейин анын салттары жана ритуалдары сакталган;

• Кыргыз элиндеги теңирчилик жана исламдык синкретизм, мусулман догмасынын жана Көк Теңирдин алдындагы бирдиктүү кудайга ишенүүгө негизделген көөнө ишенимдин айкалышуу таасири "Манас" эпосунун аталган варианттарынын мисалында тастыкталган.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертацияда алынган илимий натыйжалар кыргыз фольклористикасында эпос жанрына тийиштүү эпикалык мотивдерди фольклор таануучулук мүнөздө изилдөө ишин мындан ары өнүктүрүүгө түрткү болуп бере алат. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы элдик поэмалардан да диний эпикалык мотивдерди аныктоо ишмердүүлүгүн колго алууга толук мүмкүн. Ушул багытта изилденген иштер кыргыз фольклористикасынын жаңы багыттарда бутактанып өнүгүүсүндө түрткү, болот. Келечекте кыргыз оозеки чыгармачылыгынын эпикалык үлгүлөрү боюнча төмөнкүдөй темаларда изилдөөлөрдү жасоого болот:

• Кыргыз эпос таануусунда эпикалык көөнө диний мотивдердин багытынын түптөлүшү жана өнүгүшү.

• Кенже эпостордогу көөнө диний мотивдердин табияты.

• Кыргыз элдик поэмаларындагы диний мотивдердин орун алуусу.

• "Жаныш-Байыш" эпосундагы көөнө диний ишенимдер.

• "Жаңыл Мырза" эпосундагы көөнө диний эпикалык мотивдердин берилиши.

• Жөө жомоктордогу көөнө диний мотивдер ж.б.

Кыргыз фольклорундагы көөнө диний эпикалык мотивдер жөнүндө изилдөөлөрдүн тематикасын мындан дагы байытууга жана арбытууга болот

жана изилдөө багытын өнүктүрүү улуттук илимдеги фольклор таануу тармагынын алкагын кеңейтет.

Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык маанисинин негизги жоболору кыргыз элинин көөнө ишенимдерин андан ары тереңдетип изилдөө жараянында колдонууга болооруна байланыштуу. Дин, маданият чөйрөсүндөгү саясат азыркы мезгилде объективдүү, илимий негизделген, перспективдүү жоболорго муктаж. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин темасы окумуштуулар чөйрөсүндө кызыгуу жаратуучу практикалык мааниси бар.

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН МАЗМУНУ ТӨМӨНКҮ МАКАЛАЛАРДА ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН:**


**1. Маданова, К.Ж.** "Манас" эпосундагы көөнөргөн диний лексика [ Текст] / К.Ж. Маданова // ОшМУ жарчысы.–2015.– №4.– (3–чыгарылыш). – 181-183-б.б.

**2. Маданова, К.Ж.** "Манас" эпосундагы тотемизмдин байыркы диндик мотив катары берилиши [Текст] / К.Ж. Маданова // ОшМУ жарчысы.–2015.–№4 (3–чыгарылыш).–95-98-б.б.

**3. Маданова, К.Ж.** "Манас" эпосундагы ат коюуга байланышкан ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши [ Текст] / К.Ж. Маданова // ОшМУ жарчысы.– 2016.–№4.– 73-77-б.б.

https://www.elibrary.ru/download/elibrary_28198778_53432748.pdf

**4. Маданова, К.Ж.** "Манас" эпосундагы кыргыздардын байыркы диний ишенимдеринин фольклордук мотив катары келиши [ Текст] / К.Ж. Маданова // ОшМУ жарчысы.– 2016.–№4.– 77-81-б.б.

https://www.elibrary.ru/download/elibrary_28198779_29743478.pdf

**5. Маданова, К.Ж.** "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин көркөм чагылдырылышы [ Текст] / К.Ж. Маданова // БГУ жарчысы.–2016.– №1.–119-123-б.б.

https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44663537_63474252.pdf

**6. Маданова, К.Ж.** Теңирчилик ишениминин "Манас" эпосунун сюжетиндеги көөнө эпикалык мотив катары орду [ Текст] / К.Ж. Маданова // ОшМУ жарчысы.–2018.–№2.–114-117-б.б.

https://www.elibrary.ru/download/elibrary_35246576_14716927.pdf

**7. Маданова, К.Ж.** "Манас" эпосундагы фетиштик ишенимдердин архаикалык эпикалык мотив катары берилиши [ Текст] / К.Ж. Маданова // ОшМУ жарчысы.–2018.–№1.–113-115-б.б.

https://www.elibrary.ru/download/elibrary_32795572_53208901.pdf

**8. Маданова, К.Ж.** Анимистические верования как архаический эпический мотив в эпосе "Манас" [ Текст] / К.Ж. Маданова // Международный научно-практический журнал.–2018.– РФ, Forum–nauka.ru.– 6-22-июнь.

https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36307617

**9. Маданова, К.Ж.** Шаманизм как архаико-эпический мотив в эпосе “Манас” [ Текст] / К.Ж. Маданова // Международный научно-практический журнал.– 2018.–РФ, Forum–nauka.ru.–6-22-июнь.

https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36307618

**10. Маданова, К.Ж.** Древние народные верования в эпосе “Манас” [ Текст] / К.Ж. Маданова // International Scientific Journal.–2019.–Theoretical & Applied Science.–Taraz.–№10.78.–30-октябрь.

https://www.elibrary.ru/download/elibrary_38503888_17376992.pdf

**11. Маданова, К.Ж.** Древние верования как архаический эпический мотив в эпосе “Манас” [ Текст] / К.Ж. Маданова // International Scientific Journal.–Theoretical & Applied Science.–2019.–Taraz.–№10.78.–30-октябрь.

https://www.elibrary.ru/download/elibrary_41328967_84356515.pdf

**12. Маданова, К.Ж.** Sacred Three as an Archaic Motif in Kyrgyz Epic [ Текст] / К.Ж. Маданова //Open journal of modern linguistics.–2020.–10, 834-839 http://www.scirp.org/journal/ojml Dec.15, 2020.

**Маданова Кызбурак Жапаровнанын 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С.Каралаевдин жана Б.Сазановдун варианттары боюнча)" деген темада жазылган диссертациясынын**


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** анимизм, көөнө дүйнөтааным, мифология, теңирчилик, тотемизм, фетишизм, фольклор, шаманизм, эпикалык мотив, эпос.

**Изилдөөнүн объектиси** катары кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы "Манас" эпосу алынды, анын тутумунда элдик көөнө диний ишенимдер сакталып биздин күндөргө жетип келди.

**Изилдөөнүн предмети:** "Манас" эпосундагы байыркы көөнө ишенимдердин эпикалык мотив катары берилишинин өзгөчөлүгү, алардын улуттук дүйнөтаанымдагы орду.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз элинин исламга чейинки көөнө ишенимдерин "Манас" эпосунун негизинде фольклордук дүйнө таануучулук жана социалдык-маданий аспектилерде талдоо; анимизм, тотемизм, шаманизм, фетишизм, теңирчиликтин эпосто эпикалык мотив катары келишин аныктоо, алардын эпостун сюжетин өнүктүрүүчү маанисин ачып көрсөтүү, окумуштуулардын көөнө диний ишенимдер боюнча илимий пикирлерин, алардын мазмунуна жана баалуулуктарына байланыштуу берген бааларын кароо болуп саналат.

**Изилдөө методдору:** "Манас" эпосун манасчылардын варианттарынын материалында тандалып алынган теманын багытында салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый, сыпаттама методдорунун негизинде талданды.

**Алынган жыйынтыктардын жаңычылдыгы:** "Манас" эпосунун байыркы диний катмарын изилдөөдө элдин коомдук аң-сезиминин түптөлүшүндөгү алардын ролу жана ордуна басым жасалды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** иштин материалдары фольклор боюнча илимий изилдөөлөрдө, элдик оозеки чыгармачылыгы боюнча окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**Колдонуу чөйрөсү:** изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларында элдик оозеки чыгармачылыкты окутууда, миф жана фольклорго, эпикалык архаикага арналган курстарды өтүүдө колдонулат.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Мадановой Кызбурак Жапаровны на тему “Древние религиозные верования в эпосе “Манас” как эпические мотивы (по вариантам С.Каралаева и Б.Сазанова)” на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.09 – фольклористика**

**Ключевые слова:** анимизм, древнее миропознание, древние религии, мифология, тенгрианство, тотемические понятия, фетишизм, фольклор, эпический мотив, эпос.

**Цель исследования:** определение древних доисламских религиозных верований кыргызского народа – тотемизма, анимизма, шаманизма, тенгрианства и передача их в качестве эпического мотива, анализ его фольклорного мировоззрения и социально-культурных аспектов на основе эпоса “Манас”, раскрытие их значения для развития сюжета эпоса, рассмотрение оценки учеными древних религиозных верований в связи с содержанием их ценности.

**Объект исследования:** эпос “Манас” кыргызского устного народного творчества, который дошел до наших дней, сохранив древние религиозные мотивы в сюжетном составе эпоса.

**Предмет исследования:** специфика художественного отражения религиозных мотивов в эпосе “Манас” и их место в национальном миропознании.

**Методы исследования:** обоснованы в проведении анализа текстологического содержания с использованием сравнительно-типологического и исторического методов эпоса “Манас” тюркоязычными произведениями.

**Научная новизна исследования:** в исследовании древнейших религиозных пластов эпоса сделан обширный акцент на роль и место их в формировании общественного сознания кыргызов.

**Область примнениения результатов исследования:** материалы работы могут бытьприменены в исследованиях фольклорной поэтики. В изучении фольклора в вузах, в проведении лекционных курсов по эпической архаике.

## RESUME

**Madanova Kyzburak Zhaparovna “Representation of ancient religious beliefs in the epic” Manas “as an epic motive (by S. Karalaev and B. Sazanov)” dissertation for the degree of candidate of philological sciences, in specialty 01.01.09 - Folklore.**

**Key words:** ancient religions, ancient worldview, animism, divine beliefs, , epic, epic motive, fetishism, folklore, mythology, totemic concepts.

**The purpose of the research:** to analyze the pre-Islamic religious beliefs of the Kyrgyz people in folklore and socio-cultural aspects based on the epic “Manas”, to identify totemism, animism, shamanism, fetishism, divinity as an epic motive. The epic focuses on the review of scientific opinions about religious beliefs and their assessment in relation to their content and values.

**The object:** of the study is the epic “Manas” of Kyrgyz folklore, in the system of which the ancient religious beliefs of the people have been preserved to this day.

**Subject of the research:** Features of the presentation of ancient religious beliefs as epic motives in the epic “Manas”, their place in the national worldview.

**Research methods:** Comparative-typological, historical analyses of the epic «Manas» with other epics of Turkish people have been used.

**The scientific novelty of the research:** When studying the ancient religious layer of the epic “Manas”, the emphasis is placed on their role and place in the formation of public consciousness.

**Recommendations for the use of the results of dissertation:** the materials of the work can be used in scientific research on folklore, teaching folklore at universities, delivering lecture courses on epic archaism.